**2018-жылдын 21-апрели**

## Тең укуктуулук, өнүгүү жана тынчтык үчүн Аялдардын билим берүү коалициясынын программасынын алкагында өткөн Кыргызстандагы адам укуктары жана лидерлиги боюнча тренерлер үчүн улуттук тренингдин

## Резолюциясы

Биз, **Кыргызстандагы адам укуктары жана лидерлиги боюнча тренерлер үчүн улуттук тренингдин катышуучулары**

БУУнун адам укуктары боюнча жалпы Декларациясында камтылган адам укуктарынын жана эркиндиктеринин жалпы адамзаттык баалуулуктарын, Кыргыз Республикасынын гендердик теңдештикке жетишүү боюнча 2020-жылга чейинки Улуттук стратегиясынын максаттарын жана милдеттерин, БУУнун ККнин 1325 Резолюциясынын алкагындагы "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартибин, ошондой эле, гендердик теңдештик боюнча ЕККУнун (ОБСЕ) Аракеттеринин Мерчемдерин жактай тургандыгыбызды ***ырастоо менен;***

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык Пактынын 25-беренесине ылайык, мамлекет тарабынан туруктуу өнүгүүгө жетишүү боюнча кабыл алынган чараларды колдоо үчүн бийликтин бардык деңгээлдеринде чечимдерди кабыл алуу жараянына бирдей жарандык катышууну камсыз кылуунун ***зарылдыгын жана учурга бап келгендигин көңүлгө алуу менен***[1]**;**

гендердик теңдештикке жетишүү чөйрөсүндөгү улуттук жана эл аралык мыйзамдарды жүзөгө ашырууда жергиликтүү коомчулуктан чыккан лидер айымдардын ролун жана салымын ***таануу менен*** алардын андан аркы демилгелерде жана эдвокаси-өнөктүктөрүндө катышуусун колдоого алуу;

КРнын Президенти С.Ш.Жээнбековдун 2018-жылды Кыргызстандын аймактарын өнүктүрүү жылы деп жарыялаган Жарлыгын, ошондой эле, КРнын премьер-министри М.Абулгазиевдин «Биримдик, ишеним, жаратмандык» программасын ***колдоо менен***

**кийинки позициялар боюнча макулдашылып, төмөндөгү резолюция кабыл алынды:**

- Жагымдуу мейкиндикти - горизонталдуу инклюзивдик аянтчаны түзүү зарылдыгы («Тилектештик коомчулук үчүн» Аялдар демилгелери түзүлдү), адам укуктары жаатындагы жаңы маселелерди жана чакырыктарды талдоо үчүн, ошондой эле, аялдарды улуттук, аймактык жана жергиликтүү деңгээлдерде аялдардын саясий жана лидерлик катышуусуна, адам укуктарын окутуудагы инновацияларды, жаңы өбөлгөлөрдү издөөдө тажрыйбалар, идеялар менен натыйжалуу алмашуу үчүн;
- Тынчтыкты орнотуу жана эмпатия аркылуу жаңы стратегияларды, жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу аркылуу чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде аялдардын саясий катышуусун жана лидерлигин, адам укуктарын коргоого багытталган жаңы форматтагы аракеттери үчүн жергиликтүү жарандык демилгелерди колдоо максатында улуттук диалогдук аянтчаларды, форумдарды,

[1] *Кыргызстан МПГППга 1994-ж., Факультативдик протоколго, МПГПП – 1994-ж., Экинчи Факультативдик протоколго, МПГПП – 2010-ж. кошулган.*

тынчтык акцияларын, кыймылдарды жана иш-чараларды өткөрүүдө өлкөнүн бардык региондорундагы аял-лидерлердин маанилүү ролун активдештирүү;

- Эл аралык стандарттардын негизиндеги[2] коррупцияга каршы жаңы улуттук план аркылуу Адам укуктарын жана эркиндиктерин алдыга жылдыруу үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн актуалдуулугу, аялдардын саясатка жеткиликтүүлүгү жаатында шайлоолор боюнча мыйзамдарды өзгөртүү, квоталар санкциялар менен кубатталышы керек[3];
- Кыргызстан катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык "Теңдештик жөнүндөгү" Мыйзамды кабыл алуу аркылуу коомдогу зордук-зомбулуктун жана радикализмдин өсүшүнө, системалуу басмырлоого каршы жарандык демилгелерди колдоого чакыруу[4];
- БУУнун КК 1325 резолюциясын, Гендердик теңдештикке жетишүү боюнча 2017-2020-жылдарга карата аракеттердин Улуттук планын жана гендердик теңдештик боюнча ЕККУнун Аракеттер Планын илгерилетүү жана жүзөгө ашыруу боюнча жер-жерлерде мониторингдик группаларды түзүүгө: отчёт жана баалоо; бардык региондордогу жабык мекемелердеги адам укуктарын илгерилетүү боюнча биргелешкен мониторингдерди камтуу менен КРда адам укуктары жана эркиндиктери боюнча БУУнун комитеттеринин сунуштамаларынын аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө көмөктөшүүгө даярдык;
- Кыйноолордон эркин болуу укуктарын сактоо маселелеринде, ошондой эле, кылмыш акыйкаттыгы системасында аялуу топтордун – балдардын, аялдардын, кары адамдардын, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын, этникалык азчылыктардын ж.б.[5] укуктарын сактоо маселелеринде конструктивдүү диалогду бекемдөө;
- Гендердик теңдештикке жетишүү боюнча аракеттердин Улуттук планын, БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясын жүзөгө ашыруу боюнча аракеттердин планын жана ЕККУнун гендердик теңдештик боюнча Аракеттеринин Мерчемдерин алдыга жылдыруу жана жүзөгө ашыруу менен улуттук жана регионалдык деңгээлдерде, мунун ичинде жергиликтүү өзүн өзү башкаруу аркылуу чечимдерди кабыл алуу жараянында гендердик гендердик ыкмаларды киргизүү жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын айкындуулугун жана жоопкерчилигин жогорулатууга окутуу.

Катышуучулар мамлекеттик бийликтин бардык тармактарын камтыган органдарга, массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнө, жарандык коомчулукка кайрылуу менен, Кыргызстандын туруктуу өнүгүшү үчүн шарттарды жана жагымдуу өбөлгөлөрдү түзүү, кыйноолордон жана башка адамдын ар-намысын тебелеген жана кемсинткен кайрылуулардын жана жазалоолордун түрлөрүнөн эркин болуу укуктарын сактоо, тынчтыкты куруу, чыр-чатактарды эскертүү жана жөнгө салуу механизмдери

[2] БУУнун жашоонун сапаты боюнча индексинин Отчету https://www.transparency.org/news/feature/corruption_perceptions_index_2017

[3] Швециянын тажрыйбасы https://birdinflight.com/ru/infografica/zhenskaya-dolya-kak-raspredeleny-mesta-v-parlamentah-mira.html

[4] БУУнун адам укуктары боюнча комитети. Корутунду эскертүү: Док. БУУ, CCPR/C/KGZ/CO/2, 23-апрель, 2014-ж, Пункт 5

[5] Кыйноолорго жана башка катаал, адамзаттык эмес же ар-намысты басмырлаган кайрылууларга жана жазалоолорго каршы Конвенция, КРнын мыйзамы, 26 июль, 1996-жыл, № 46

менен укуктук процедураларды айкалыштыруунун негизинде тилектештик коомчулукту куруу аркылуу тынчтыкты жана коппсуздукту камсыздоо боюнча аялдардын демилгелерин колдоого чакырат.

Иш-чарага аялдардын укуктарын коргоо жана лидерлигин илгерилетүү, адам сатууга бөгөт коюу, аялдарга жана балдарга карата зордук-зомбулукту жана кылмыштарды алдын алуу маселелери менен алектенген, коррупцияга каршы реформалар боюнча жаңы демилгелерди, бийликтин бардык деңгээлдеринде чечимдерди кабыл алуу процесстеринде жарандардын бирдей катышуусу менен регионалдык институттарды күчөтүү жана электрондук өкмөттү өнүктүрүүнү колдоого алган гендер жаатындагы белгилүү серепчилер, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, мамлекеттик структуралардын өкүлдөрү, коомдук уюмдардын жетекчилери катышышты.

**Тең укуктуулук, өнүгүү жана тынчтык үчүн Аялдардын билим берүү коалициясынын программасынын алкагында өткөн Кыргызстандагы адам укуктары жана лидерлиги боюнча тренерлер үчүн улуттук тренингдин катышуучулары тарабынан кабыл алынды.**

**Кыргызстан, Ысык-Көл, Бостери а.**

**Бардык суроолор боюнча: birduinokyrgyzstan@gmail.com кайрылсаңыздар болот.**

**+996 312 383 330, www.birduino.kg**